**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ
УЗУН-КЫР
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
УЗУН-КЫР
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
УЗУН-КЫР
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
УЗУН-КЫР**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ
УЗУН-КЫР
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
УЗУН-КЫР
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
УЗУН-КЫР
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
УЗУН-КЫР**

# Т О К Т О М

25 февраль 2026 жыл № 72 / XVIII Ново-Покровка айылы

**Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн Уставын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10 февралындагы № 81 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык санынын чегин, түзүмүн жана штаттык ыраатгамасын бекитүү жөнүндө" токтомунун жетегинде,Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 20 февралындагы № 01-10/258 Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн Уставын бекитип берүү жөнүндө" катын карап жана талкуулап,
Узун-Кыр айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн Уставынын жаңы редакциясы тиркемеге ылайык бекитилсин.
2.Узун-Кыр айыл өкмөтүнө Уставы жаңы редакцияда бекитилгенине байланыштуу Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгында кайрадан каттоо жүргүзүлсүн.
3.Бул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоодон өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий сайтына жарыялансын.
4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Регламент,этика, укуктук маселелер жана укук тартиби боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага К.Б.Сманов

# П О С Т А Н О В Л Е Н И Е

25 февраля 2026 года № 72 / XVIII село Ново-Покровка

**Об утверждении Устава Узун-Кыр айыл окмоту**

Руководствуясь постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 10 февраля 2026-года № 81 "Об утверждении предельной штатной численности, структуры и штатного расписания органов местного самоуправления Кыргызской Республики", рассмотрев и обсудив письмо айыл окмоту №01-10/258 от 20 февраля 2026 года об утверждении Устава Узун-Кыр айыл окмоту,
айылный кенеш Узун-Кыр

ПОСТАНОВЛЯЕТ:

1.Утвердить Устав в новой редакции Узун-Кыр айыл окмоту согласно приложению.
2. Узун-Кыр айыл окмоту провести перерегистрацию Устава айыл окмоту в новой редакции в Чуй-Бишкекском управлении юстиции.

3.Опубликовать настоящее постановление на официальном сайте Государственного Агентства по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики для регистрации в Министерстве юстиции Кыргызской Республики.
4.Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на постоянную комиссию по регламенту, этике, правовым вопросам и правопорядку.

Председатель К.Б.Сманов

"БЕКИТЕМ"
Узун-Кыр айылдык кеңешинин төрагасы
_______________ К.Б. Сманов
2026-жылдын "________" _______________

# «Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Узун-Кыр айыл аймагынын Узун-Кыр айыл өкмөтү» мекемесинин

# УСТАВЫ

2026-жыл

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** «Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Узун-Кыр айыл аймагынын Узун-Кыр айыл өкмөтү» мекемеси (мындан ары-Айыл өкмөтү) өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде жергиликтүү жамааттын жашоо-турмушун жана турмуш-тиричилигин камсыздоо иштерин башкарууну ишке ашыруучу Узун-Кыр айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруучу органы болуп саналат.

**1.2.** Өзүнүн уюштуруу-укуктук формасы боюнча оперативдүү башкаруу укугундагы мекеме болуп саналат.

**1.3.** Мекеме «Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Ново-Покровка айыл аймагынын Ново-Покровка айыл өкмөтү» мекемесинин укуктарынын жана милдеттеринин укуктук мураскери болуп саналат, мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүгү Чүй-Бишкек Юстиция Башкармалыгы тарабынан берилген, каттоо №110316-3308-М-е, сериясы ГПЮ №0039898, 2019-ж. 3-июлу жана «Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Узун-Кыр айыл айыл аймагынын Узун-Кыр айыл өкмөтү» мекемеси, мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүгү Чүй-Бишкек Юстиция Башкармалыгы тарабынан берилген, каттоо №109015-3308-М-е, сериясы ГПЮ №0039794, 2019-ж. 2-сентябры.

**1.4.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий аталышы:
- Мамлекеттик тилде – «Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Узун-Кыр айыл аймагынын Узун-Кыр айыл өкмөтү» мекемеси;
- Расмий тилде – Учреждение «Узун-Кыр айыл окмоту айылного аймака Узун-Кыр Ысык-Атинского района Чуйской области»;

**1.5.** Айыл өкмөтүнүн жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Ысык-Ата району, Ново-Покровка айылы, Ленин көчөсү, 335Б.

**1.6.** Айыл өкмөтүнүн уюштуруучусу болуп Чүй облусунун Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясы эсептелет.

**1.7.** Айыл өкмөтү өз ишин төмөнкү принциптерде жүзөгө ашырат:
1) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттери менен ыйгарым;
2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдындагы ачыктыгынын жана жоопкерчилигинин жана алардын өз функцияларын жергиликтүү жамааттын кызыкчылыгында жүзөгө ашыруусунун;
3) мыйзамдуулуктун жана социалдык адилеттүүлүктүн;
4) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу, ошондой эле жарандардын жыйындары (чогулуштары) жана курултайлары аркылуу эркин билдирүүсү;
5) жергиликтүү жамааттардын укуктарын жана мыйзам менен корголуучу таламдарын коргоо;
6) ачык-айкындуулук жана коомдук пикирди эске алуу;
7) тиешелүү маселелерди чечүүдө коллегиялуулук, эркин талкуулоо;
8) өз компетенциясынын маселелерин чечүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көз карандысыздыгы;
9) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кабыл алынуучу ченемдик укуктук актыларга туруктуу негизде мониторинг жүргүзүү жана баа берүү;
10) өзүн-өзү камсыз кылуу, өзүн-өзү жөнгө салуу жана өзүн-өзү каржылоо.

## 2. Укуктук статусу

**2.1.** Айыл өкмөтү өз алдынча балансы, мөөрү, Кыргыз Республикасынын банктарында алыш-бериш жана башка эсептери бар юридикалык жак болуп саналат. Өзүнүн атынан келишим түзүүгө, өзүнө берилген ыйгарым укуктарга ылайык мүлктүк

жана мүлктүк эмес укуктарга ээ болууга, соттордо доогер жана жоопкер болууга укуктуу.

**2.2.** Айыл өкмөтү жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу маселелери боюнча Узун-Кыр айылдык кеңешине, ал эми берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча - тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик бийлик органдарына отчет берет.

**2.3.** Айыл өкмөтү жергиликтүү маанидеги маселелерди натыйжалуу жана ыкчам чечүүнү камсыз кылуу, ошондой эле өз аймагынын чегинде экономикалык өнүгүүгө дем берүү максатында муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктуу.

**2.4.** Айыл өкмөтү мыйзамдарга ылайык мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын гана компетенциясына кирген ыйгарым укуктардан тышкары, айрым ыйгарым укуктарды муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес уюмдарга өткөрүп берүүгө укуктуу.

**2.5.** Муниципалдык ишканалар жана коммерциялык эмес уюмдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдети болуп саналган кызматтарды көрсөтүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлөт.

## 3. Айыл өкмөтүнүн максаттары жана милдеттери

**3.1.** Айыл Өкмөтүнүн ишинин негизги максаты аймактын жашоо-турмушун камсыз кылуу тутумунун иштешин жана өнүгүшүн уюштуруу, социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүү болуп саналат.

**3.2.** Коюлган максаттарга жетүү үчүн айыл өкмөтү жергиликтүү маанидеги төмөнкү маселелерге ылайык иш жүргүзөт:

- 3.2.1. тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу;
- 3.2.2. муниципалдык менчикти башкаруу;
- 3.2.3. жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;
- 3.2.4. калкты ичүүчү суу менен камсыздоо;
- 3.2.5. калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;
- 3.2.6. калктуу конуштарда муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;
- 3.2.7. жалпы пайдалануудагы жерлерди жарыктандырууну уюштуруу;
- 3.2.8. көрүстөндөрдүн иштешин камсыз кылуу жана сөөк коюу кызматтарын көрсөтүү;
- 3.2.9. коомдук жайларды көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
- 3.2.10. парктардын, спорттук курулмалардын жана эс алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу, бош убакытты уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;
- 3.2.11. турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып чыгууну жана утилдештирүүнү уюштуруу;
- 3.2.12. муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чектеринде коомдук транспорттун ишин жөнгө салуу;
- 3.2.13. жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жагын контролдоо;
- 3.2.14. жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу;
- 3.2.15. жерди пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу;
- 3.2.16. мыйзамда белгиленген тартипте тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты жайгаштыруу;
- 3.2.17. коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;

3.2.18. элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;

3.2.19. балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу;

3.2.20. дене тарбия жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;

3.2.21. өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү;

3.2.22. мыйзамдарда белгиленген тартипте үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин жүзөгө ашыруу;

3.2.23. жазык-аткаруу мыйзамдарына ылайык соттолгондорду кайра социалдаштырууга жана аларга социалдык жардам көрсөтүүгө багытталган эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын уюштуруу жана аткаруу;

3.2.24. ветеринардык-санитардык жана карантиндик-чектөө чараларын өз убагында жүргүзүүнү камсыз кылууга көмөк көрсөтүү.

**3.3.** Коюлган милдеттерге жетишүү үчүн Айыл өкмөтү төмөнкү кошумча функциялар жана ыйгарым укуктар боюнча иш жүргүзөт:

3.3.1. чакан жана орто ишкердиктин субъекттерин колдоо, тышкы жана ички инвестицияларды тартуу, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү максатында муниципалдык жеке өнөктөштүк долбоорлорун издөө, демилгелөө;

3.3.2. мамлекеттик жайыт жерлеринин инфраструктурасын пайдалануу жана күтүү боюнча иштерди жүргүзүү;

3.3.3. сугат жерлерге ээлик кылган жана пайдаланган адамдарга келишимдик шарттарда сууну пайдалануу, кармоо жана бөлүштүрүү, ичүүчү суу менен жабдуу тутумун комплекстүү тейлөө жана өнүктүрүү, жайыт жерлерин натыйжалуу башкаруу жана калктуу конуштарда тазалыкты камсыз кылуу үчүн муниципалдык ишканаларды түзүү;

3.3.4. архитектура жана шаар куруу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен бирдикте айрым калктуу конуштардын аймактарын өнүктүрүүнүн башкы планын иштеп чыгуу;

3.3.5. өз ишин жүзөгө ашырууда адам ресурстарын башкаруу боюнча маалыматтык (автоматташтырылган) системаны пайдалануу.

3.3.6. өз ишин жүзөгө ашырууда Санарип аймактын автоматташтырылган маалыматтык системасын пайдалануу.

## 4. Айыл өкмөттөрүнө айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар берилиши мүмкүн.

**4.1.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү мыйзамдын же келишимдин негизинде бир эле учурда өткөрүлүп берилүүчү ыйгарым укуктарды ишке ашыруунун шарттарын зарыл материалдык жана финансылык каражаттар менен мамлекеттик камсыз кылуунун тартибин белгилөө менен жүзөгө ашырылат.

**4.2.** Мамлекеттик бийлик органдары менен Айыл өкмөтүнүн ортосундагы келишимдин негизинде мамлекеттик ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилген учурда келишимдин шарттары тиешелүү жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилүүгө тийиш.

**4.3.** Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүгө, мамлекет мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү менен бир убакта республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке максаттуу трансферттерди караган же берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон каржылоонун башка булактарын аныктаган учурларда гана жол берилет.

## 5. Айыл өкмөтүнүн ишинин уюштуруучулук-укуктук негиздери

5.1. Айыл өкмөтү-айыл аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы.

5.2. Айыл Өкмөтүнүн түзүмү жана штаттык ыраатгамасы Министрлер кабинети бекиткен типтүү түзүмдүн жана штаттык ыраатгаманын негизинде айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан бекитилет.

5.3. Айыл өкмөтү айылдык кеңештин депутаттарына өздөрүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашырууда, шайлоочулардын алдында отчетторду даярдоодо жана өткөрүүдө көмөк көрсөтөт.

5.4. Айыл өкмөтү өз ишинде айылдык кеңешке, ал эми берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча - мамлекеттик бийликтин тиешелүү ыйгарым укуктуу органдарына отчет берет.

5.5. Актыларды (чечимдерди) айыл өкмөтүнүн атынан токтом жана буйрук формасында айыл өкмөтүнүн башчысы чыгарат, эгерде актылардын өзүндө башкача каралбаса, алар кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

5.6. Токтомдор Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын негизинде жана аларды аткаруу максатында чыгарылат. Буйруктар ыкчам, уюштуруу жана кадр маселелери боюнча чыгарылат. Чыгарылган актылар өзгөртүлүшү, толукталышы, жокко чыгарылышы же күчүн жоготту деп табылышы мүмкүн.

5.7. Документтер менен иштөөнү уюштуруу жана айыл өкмөтүнүн аппаратындагы ишти документтик жактан камсыз кылуу боюнча эрежелер архив мыйзамдарынын жана документтик иш кагаздарын жүргүзүү боюнча мыйзамдардын негизинде айыл өкмөтүнүн регламенти менен белгиленет.

## 6. Айыл өкмөтүнүн компетенциясы

Айыл өкмөтү:

6.1. аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программаларынын долбоорлорун иштеп чыгууга жана жергиликтүү кеңештин бекитүүсүнө берүүгө катышат жана айылдык кеңеш бекиткенден кийин алардын аткарылышын камсыз кылат, ошондой эле аларды расмий сайтка жарыялайт жана (же) жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталуучу атайын жерлерге (такталарга, такталарга) жайгаштырат;

6.2. жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгат жана аны айылдык кеңеш бекиткенден кийин аткарат;

6.3. тарых, архитектура жана маданият эстеликтерин коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;

6.4. жаңы жумуш орундарын түзүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана ишке ашырат;

6.5. турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана аймакты абаттоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

6.6. муниципалдык ишканаларды менчиктештирүүнү жана айыл өкмөтүнүн балансына социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык багыттагы объекттерди жана алардын иштешине зарыл болгон жабдууларды өткөрүп берүүнү ишке ашырат;

6.7. аймакты куруунун башкы планын иштеп чыгат жана ишке ашырат, архитектуранын жана шаар куруунун нормалары менен эрежелеринин сакталышына контролду жүзөгө ашырат;

6.8. табигый кырсыктардын, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана болтурбоо, алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук-практикалык иш-чараларды жүзөгө ашырат;

6.9. мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө мыйзамдарга ылайык мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун издөөнү, демилгелөөнү жана ишке ашырууну жүзөгө ашырат;

6.10. мыйзамдарда белгиленген тартипте айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин башкарат;

6.11. мыйзамдарга ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## 7. Айыл өкмөтүнүн башчысынын ыйгарым укуктары

Айыл өкмөт башчысы:

7.1. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Президенттин жана Министрлер Кабинетинин актыларынын, Кеңештин чечимдеринин сакталышын жана аткарылышын уюштурат;

7.2. айыл өкмөтүнүн ишине жетекчилик кылат жана анын жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик тартат;

7.3. аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун колдонуудагы программаларынын жолун жолдоочулугун камсыз кылат же жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча кызматка киришкен учурдан тартып 3 айдан кечиктирбестен социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларынын долбоорлорун иштеп чыгууну камсыз кылат жана айылдык кеңешке бекитүүгө берет;

7.4. айылдык кеңешке жергиликтүү бюджеттин долбоорун берет, жарым жылда бир жолу Кеңештин алдында айыл аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана муниципалдык менчиктин пайдаланылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларынын аткарылышы жөнүндө отчет берет;

7.5. берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын талаптагыдай аткарылышын уюштуруу үчүн акимдин алдында жеке жоопкерчилик тартат;

7.6. мыйзамдарга ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча сунуштарды айыл кеңешке киргизет

7.7. мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын тиешелүү аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери өздөрүнүн милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда аларды кызмат ордунан бошотуу жөнүндө маселе коюуга укуктуу;

7.8. мыйзамдарга ылайык айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын, жооптуу катчысын, айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлерин кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;

7.9. муниципалдык ишканалардын жетекчилерин, ошондой эле жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан каржылануучу, маданият үйлөрүн, китепканаларды, музейлерди, спорттук комплекстерди тейлеген мамлекеттик мекемелердин кызматкерлерин кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;

7.10. айылдык кеңештин карамагына тиешелүү маселелерди кошпогондо, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктарды, ошондой эле берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат;

7.11. айылдык кеңештин сессиясын чакыруу жөнүндө сунуштарды киргизет, анын ишине катышат;

7.12. аймактык жана / же ведомстволук структуралык подразделениелерди түзүүгө укуктуу;

7.13. Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында аныкталган тартипте жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен айылдык аймактын инвестициялык долбоорлорун, социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларын иштеп чыгуу үчүн тиешелүү адистердин кызматынан пайдаланууга.

7.14. анын өкүлү катары жергиликтүү жамааттын кызыкчылыгында мамлекеттик органдар жана башка мекемелер, уюмдар менен өз ара аракеттенүүгө укуктуу.

7.15. Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## 8. Айыл өкмөт башчысынын орун басары

8.1. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан дайындалат.

8.2. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары ал жок болгон учурда айыл өкмөтүнүн башчысын алмаштырат жана айыл өкмөтүнүн башчысы жүктөгөн милдеттерди аткарат.

8.3. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары өзү аткарган функциялар үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын алдында жооп берет.

## 9. Айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы

9.1. Айыл өкмөтүнүн жоопту катчысы айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан дайындалат.

9.2. Айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы айыл өкмөтүнүн орун басары жок болгон учурда орун басардын ордун алмаштырат жана айыл өкмөтүнүн башчысы жүктөгөн милдеттерди аткарат.

9.3. Айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы өзү аткарган функциялар үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын алдында жооп берет.

## 10. Айыл башчысы

10.1. Айыл өкмөтүнүн башчысынын чечими менен жергиликтүү маанидеги маселелерди ыкчам чечүүнү уюштуруу максатында өзүнчө жайгашкан калктуу конуштарда айыл башчысынын кызмат орду киргизилиши мүмкүн.

10.2. Айыл башчысы калктуу конуштун аймактык өзгөчөлүктөрүнө, белгиленген үрп-адаттарга жана каада-салттарга негизденүү менен Айыл өкмөтүнүн чечими менен ага берилген милдеттерди жана функцияларды аткарат.

10.3. Айыл башчысы айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан айыл башчысынын (айыл старостасынын) эмгек келишиминин (контрактынын) негизинде ишке алынышы мүмкүн.

## 11. Талаштардын жоопкерчилиги жана чечилиши

11.1. Ишканалар (бирикмелер), уюмдар жана мекемелер, жарандар Айыл өкмөтүнүн мүлкүнө келтирилген зыян үчүн айыл өкмөтүнүн алдында мүлктүк жоопкерчилик тартышат.

11.2. Айыл өкмөтүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо сот тартибинде ишке ашырылат.

## 12. Айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык негиздери

12.1. Айыл өкмөтүнүн финансылык негизин мыйзамдар менен жергиликтүү бюджеттерге бекитилген кирешелердин салыктык жана салыктык эмес булактары, муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн кирешелер, ссудалар жана башка финансылык ресурстар түзөт.

12.2. Айыл өкмөтүнүн экономикалык негизин кыймылсыз жана кыймылдуу муниципалдык мүлк, баалуу кагаздар, мыйзамдарда белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагына берилген жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн алардын аймагынын чектеринде пайдаланылуучу жерлер, жарандык укуктардын башка объекттери, ошондой эле тиешелүү аймакта иш жүргүзгөн ишканалар, уюмдар жана мекемелер түзөт.

12.3. Айыл өкмөтүнүн мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдары, юридикалык жана жеке жактар менен финансылык жана

экономикалык мамилелери, ошондой эле жергиликтүү бюджетти жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддорун түзүүнүн жана аткаруунун тартиби жана принциптери мыйзамдар менен жөнгө салынат.

### 13. Айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчиги

13.1. Жеке менчик, мамлекеттин, ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин же мыйзам менен аныкталган башка менчик ээлеринин менчиги болбогон бардык мүлктөр, анын ичинде Айыл өкмөтүнүн чек араларындагы жер участоктору жана жаратылыш объекттери айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турат.

13.2. Муниципалдык менчик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнө оперативдүү башкаруу жана чарба жүргүзүү укугунда өткөрүлүп берилет.

13.3. Жалпы пайдалануудагы жерлер: аянттар, көчөлөр, өтмөктөр, жолдор, жер алдындагы өткөөлдөр, тротуарлар, суу жээктери, парктар, токой парктары, коруктар, скверлер, бакчалар, бульварлар, көлмөлөр, жаратылыш, тарых жана маданият эстеликтери, ошондой эле ден соолукту чыңдоочу жана тарыхый-маданий багыттагы объекттер айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушу боюнча кеңеш тарабынан бекитилген тизмеге ылайык калктын кенчи болуп саналат жана эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, ээликтен ажыратылбайт.

13.4. Айыл өкмөтүнүн кыймылсыз муниципалдык мүлкү Кыймылсыз мүлк объекттеринин бирдиктүү мамлекеттик реестринде объективдүү катталууга тийиш.

### 14. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктары

14.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди натыйжалуу жана ыкчам чечүүнү камсыз кылуу, ошондой эле өз аймагынын чектеринде экономикалык өнүгүүнү стимулдаштыруу максатында муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктуу.

14.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзамдарга ылайык мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын гана компетенциясына кирген ыйгарым укуктардан тышкары, айрым ыйгарым укуктарды муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес уюмдарга өткөрүп берүүгө укуктуу.

14.3. Муниципалдык ишканалар жана коммерциялык эмес уюмдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдети болуп саналган кызматтарды көрсөтүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлөт.

### 15. Айыл өкмөтүнүн актыларынын милдеттүүлүгү.

15.1. Айыл өкмөтү өз ишин ошол аймактагы калктын атынан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырат.

15.2. Айыл өкмөтүнүн, курултайлардын, жарандардын жыйындарынын (чогулуштарынын), аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбөөгө тийиш.

15.3. Айыл өкмөтү мыйзамдар менен башка органдардын карамагына таандык маселелерди кароого кабыл алууга укуксуз.

15.4. Айыл Өкмөтүнүн чечимдерин аткарбагандыгы үчүн кызмат адамдары жана жарандар мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

## 16. Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуунун жана киргизүүнүн тартиби

**16.1.** Айыл өкмөтүнүн Уставы, ошондой эле ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор депутаттардын жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин сунушу боюнча кеңеш тарабынан кабыл алынат.

**16.2.** Айыл өкмөтүнүн Уставы, ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор кеңеш тарабынан депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

**16.3.** Айыл өкмөтүнүн уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор же жаңы редакциядагы Устав юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өткөн учурдан тартып күчүнө кирет.

**Башчы** **Ж.Кубандыков**

"УТВЕРЖДАЮ"
Төрага айылного кенеша Узун-Кыр
_____________________К.Б. Сманов
«___»______________2026 года.

# УСТАВ

## Учреждения «Узун-Кыр айыл окмоту айылного аймака Узун-Кыр Ысык-Атинского района Чуйской области»

2026год

## 1. Общие положения.

1.1. Учреждение "Узун-Кыр айыл окмоту айылного аймака Узун-Кыр Ысык-Атинского района Чуйской области" (далее Айыл окмоту) является исполнительным органом местного самоуправления айылного аймака Узун-Кыр, осуществляющий в пределах своих полномочий управление делами жизнеобеспечения и жизнедеятельности местного сообщества.

1.2. По своей организационно-правовой форме является учреждением на праве оперативного управления.

1.3. Учреждение является правопреемником прав и обязанностей Учреждения "Ново-Покровский айыл окмоту Ново-Покровского айылного аймака Ысык-Атинского района Чуйской области", свидетельство о государственной перерегистрации выдано Чуй-Бишкекским Управлением юстиции, регистрационный № 110316-3308-У-е, серия ГПЮ № 0039898 от 3 июля 2019 г. и Учреждения "Узун-Кырский айыл окмоту Узун-Кырского айылного аймака Ысык-Атинского района Чуйской области" свидетельство о государственной перерегистрации выдано Чуй-Бишкекским Управлением юстиции, регистрационный № 109015-3308-У-е, серия ГПЮ № 0039794 от 2 сентября 2019 г.

1.4. Официальное наименование органа местного самуправления:
- На государственном языке – "Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Узун-Кыр айыл аймагынын Узун-Кыр айыл өкмөтү" мекемеси;
- На официальном языке – Учреждение "Узун-Кыр айыл окмоту айылного аймака Узун-Кыр Ысык- Атинского района Чуйской области";

1.5. Место нахождения Айыл окмоту: Кыргызская Республика, Чуйская область, Ысык-Атинский район, с.Ново-Покровка, ул.Ленина 335Б.

1.6. Учредителем Айыл окмоту является Ысык-Атинская районная государственная администрация.

1.7. Айыл окмоту осуществляет свою деятельность на принципах:
1) разграничения функций и полномочий государственных органов и органов местного самоуправления;
2) открытости и ответственности органов местного самоуправления перед местным сообществом и осуществления ими своих функций в интересах местного сообщества;
3) законности и социальной справедливости;
4) волеизъявления граждан через систему органов местного самоуправления, а также через сходы (собрания) граждан и курултаи;
5) защиты прав и охраняемых законом интересов местных сообществ;
6) гласности и учета общественного мнения;
7) коллегиальности, свободного обсуждения при решении соответствующих вопросов;
8) независимости органов местного самоуправления в решении вопросов своей компетенции;
9) проведения на постоянной основе мониторинга и оценки нормативных правовых актов, принимаемых органами местного самоуправления;
10) самообеспечения, саморегулирования и самофинансирования.

## 2. Правовой статус

**2.1.** Айыл окмоту является юридическим лицом, имеющим самостоятельный баланс, печать, расчётный и другие счета в банках Кыргызской Республики. Вправе от своего имени заключать договора, приобретать имущественные и неимущественные права, согласно переданных им полномочий, быть истцом и ответчиком в судах.

**2.2.** Айыл окмоту по вопросам организации местного самоуправления подотчётен Кен-Булун айылному кенешу, а по делегированным государственным полномочиям - соответствующим уполномоченным органам государственной власти.

**2.3.** Айыл окмоту вправе создавать муниципальные предприятия и некоммерческие организации, а также участвовать в акционерных обществах с целью обеспечения эффективного и оперативного решения вопросов местного значения, а также стимулирования экономического развития в пределах своей территории.

**2.4.** Айыл окмоту вправе делегировать определенные полномочия муниципальным предприятиям, некоммерческим организациям, кроме полномочий, которые согласно законодательству относятся к исключительной компетенции государственных органов или органов местного самоуправления.

**2.5.** Муниципальные предприятия и некоммерческие организации создаются органами местного самоуправления для оказания услуг, предоставление которых является обязанностью органов местного самоуправления.

## 3. Цели и задачи айыл окмоту

**3.1.** Основной целью создания и деятельности Айыл окмоту является организация функционирования и развития системы жизнеобеспечения территории, социально-экономического развития и предоставления населению социальных и культурных услуг.

**3.2.** Для достижения поставленных целей айыл окмоту осуществляет деятельность в соответствии следующих вопросов местного значения:

- 3.2.1. обеспечение экономического развития соответствующей территории, а также привлечение инвестиций и грантов;
- 3.2.2. управление муниципальной собственностью;
- 3.2.3. формирование, утверждение и исполнение местного бюджета;
- 3.2.4. снабжение питьевой водой населения;
- 3.2.5. обеспечение работы системы канализации и очистных сооружений в населенных пунктах;
- 3.2.6. обеспечение функционирования муниципальных дорог в населенных пунктах;
- 3.2.7. организация освещения мест общего пользования;
- 3.2.8. обеспечение функционирования кладбищ и предоставление ритуальных услуг;
- 3.2.9. благоустройство и озеленение мест общественного пользования;
- 3.2.10. обеспечение функционирования парков, спортивных сооружений и мест отдыха, создание условий для организации досуга;
- 3.2.11. организация сбора, вывоза и утилизации бытовых отходов;

3.2.12. обеспечение функционирования муниципального транспорта и регулирование работы общественного транспорта в границах населенных пунктов;
3.2.13. контроль в области охраны и использования историко-культурного наследия местного значения;
3.2.14. организация и обеспечение работы библиотек местного значения;
3.2.15. установление правил землепользования и обеспечение соблюдения норм и правил градостроительства и архитектуры;
3.2.16. размещение рекламы на территории соответствующего населенного пункта в порядке, установленном законодательством;
3.2.17. содействие охране общественного порядка;
3.2.18. создание условий для развития народного художественного творчества;
3.2.19. организация и осуществление мероприятий по работе с детьми и молодежью;
3.2.20. обеспечение условий для развития физической культуры и массового спорта;
3.2.21. содействие в предупреждении и ликвидации последствий чрезвычайных ситуаций;
3.2.22. осуществление комплекса мер по охране и защите от семейного насилия в порядке, установленном законодательством;
3.2.23. организация и исполнение наказаний, не связанных с лишением свободы, и принудительных мер уголовно-правового воздействия, направленных на ресоциализацию осужденных и оказание им социальной помощи в соответствии с уголовно-исполнительным законодательством;
3.2.24. оказание содействия в обеспечении своевременного проведения ветеринарно-санитарных и карантинно-ограничительных мер.

**3.3. Для достижения поставленных задач Айыл окмоту осуществляет деятельность по следующим дополнительным функциям и полномочиям:**

3.3.1. поддержка субъектов малого и среднего предпринимательства, привлечение внешних и внутренних инвестиций, поиск, инициирование проектов муниципального частного партнерства в целях создания условий для социально-экономического развития территории;
3.3.2. проведение работ по использованию и содержанию инфраструктуры государственных пастбищных угодий;
3.3.3. эксплуатация, содержание и распределение воды на договорных условиях лицам, владеющим и использующим орошаемые земли;создание муниципальных предприятий для комплексного обслуживания и развития систем питьевого водоснабжения, эффективного управления пастбищными угодьями и обеспечения чистоты в населенных пунктах;
3.3.4. разработка генерального плана развития территории отдельных населенных пунктов совместно с уполномоченным государственным органом по вопросам архитектуры и градостроительства;
3.3.5. использование автоматизированной информационной системы по управлению человеческими ресурсами при осуществлении своей деятельности.
3.3.6. использование автоматизированной информационной системы Санарип Аймак при осуществлении своей деятельности.

## 4. Айыл окмоту могут наделяться отдельными государственными полномочиями.

4.1. Делегирование органам местного самоуправления отдельных государственных полномочий осуществляется на основании закона или договора с одновременным установлением порядка государственного обеспечения условий реализации передаваемых полномочий необходимыми материальными и финансовыми средствами.

4.2. В случае делегирования государственных полномочий на основании договора между органами государственной власти и Айыл окмоту условия договора подлежат утверждению соответствующим местным кенешем.

4.3. Делегирование государственных полномочий допускается лишь в случаях, когда государство одновременно с делегированием государственных полномочий предусматривает целевые трансферты из республиканского бюджета в местный бюджет или определяет иные источники финансирования, необходимые для осуществления делегированных государственных полномочий.

## 5. Организацинное-правовые основы деятельности Айыл окмоту

5.1. Айыл окмоту - исполнительный орган местного самоуправления в айылном аймаке.

5.2. Структура и штатное расписание айыл окмоту утверждается главой айыл окмоту на основании типовой структуры и штатного расписания, утверждаемых Кабинетом Министров.

5.3. Айыл окмоту оказывает содействие депутатам айылного кенеша в осуществлении ими своих полномочий, подготовке и проведении отчетов перед избирателями.

5.4. Айыл окмоту в своей деятельности подотчётен айылному кенешу, а по делегированным государственным полномочиям - соответствующим уполномоченным органам государственной власти.

5.5. Акты (решения) от имени айыл окмоту издает глава айыл окмоту в форме постановления и распоряжения, которые вступают в силу со дня их подписания, если иное не предусмотрено в самих актах.

5.6. Постановления издаются на основе и во исполнение нормативных правовых актов Кыргызской Республики. Распоряжения издаются по оперативным, организационным и кадровым вопросам. Изданные акты могут быть изменены, дополнены, отменены или признаны утратившими силу.

5.7. Правила по организации работы с документами и документационного обеспечения деятельности в аппарате айыл окмоту устанавливаются регламентом айыл окмоту на основании архивного законодательства и законодательства по документационному делопроизводству.

## 6. Компетенция айыл окмоту

Айыл окмоту:

6.1. принимает участие в разработке и представлении на утверждение местному кенешу проектов программ социально-экономического развития территории и обеспечивает их выполнение после утверждения айылным кенешем, а также публикует их на

официальном сайте и (или) размещает в специальных местах обозрения (досках, стендах), определяемых местным кенешем;

6.2. разрабатывает проект местного бюджета и исполняет его после утверждения айылным кенешем;

6.3. осуществляет мероприятия по охране памятников истории, архитектуры и культуры;

6.4. разрабатывает и осуществляет мероприятия по созданию новых рабочих мест;

6.5. разрабатывает и осуществляет мероприятия по развитию жилого фонда, жилищно-коммунального хозяйства и благоустройству территории;

6.6. осуществляет приватизацию муниципальных предприятий и передачу на баланс айыл окмоту объектов социально-культурного, бытового и хозяйственного назначения и оборудования, необходимого для их функционирования;

6.7. разрабатывает и реализует генеральный план застройки территории, осуществляет контроль за соблюдением норм и правил архитектуры и градостроительства;

6.8. осуществляет мобилизационные и организационно-практические мероприятия по предупреждению и предотвращению стихийных бедствий, чрезвычайных ситуаций, ликвидации их последствий;

6.9. осуществляет поиск, инициирование и реализацию проектов государственно-частного партнерства в соответствии с законодательством о государственно-частном партнерстве;

6.10. управляет землями Государственного фонда сельскохозяйственных угодий в порядке, установленном законодательством;

6.11. осуществляет иные полномочия в соответствии с законодательством.

## 7. Полномочия главы айыл окмоту

Глава айыл окмоту:

7.1. организует соблюдение и выполнение Конституции и законов Кыргызской Республики, актов Президента и Кабинета Министров, решений кенеша;

7.2. руководит деятельностью айыл окмоту и несет ответственность за ее результаты;

7.3. обеспечивает преемственность действующих программ социально-экономического развития территории и социальной защиты населения или по согласованию с местной государственной администрацией не позднее 3 месяцев с момента вступления в должность обеспечивает разработку и представляет на утверждение айылному кенешу проекты программ социально-экономического развития;

7.4. представляет айылному кенешу проект местного бюджета, один раз в полугодие отчитывается перед кенешем об общем состоянии дел в айылном аймаке, исполнении местного бюджета и использовании муниципальной собственности, выполнении программ социально-экономического развития территории;

7.5. несет персональную ответственность перед акимом за организацию надлежащего исполнения делегированных государственных полномочий;

7.6. вносит в айылный кенеш предложения по введению местных налогов и сборов в соответствии с законодательством;

7.7. вправе поставить вопрос об освобождении от должности руководителей соответствующих территориальных подразделений государственных учреждений и организаций в случае ненадлежащего исполнения ими своих обязанностей;

7.8. назначает на должность и освобождает от должности заместителя главы айыл окмоту, ответственного секретаря, работников аппарата айыл окмоту в соответствии с законодательством;

7.9. назначает на должность и освобождает от должности руководителей муниципальных предприятий, а также сотрудников государственных учреждений, финансируемых из средств местного бюджета, обслуживающих домов культуры, библиотек, музеев, спортивных комплексов;

7.10. осуществляет полномочия по решению вопросов местного значения, а также делегированные государственные полномочия, за исключением тех, которые относятся к ведению айылного кенеша;

7.11. вносит предложения о созыве сессии айылного кенеша, участвует в ее работе;

7.12. вправе создавать территориальные и/или подведомственные структурные подразделения;

7.13. пользоваться услугами соответствующих специалистов для разработки инвестиционных проектов, программ социально-экономического развития и социальной защиты населения айылного аймака за счет средств местного бюджета в порядке, определяемом гражданским законодательством Кыргызской Республики.

7.14. вправе взаимодействовать с государственными органами и другими учреждениями, организациями в интересах местного сообщества в качестве его представителя.

7.15. осуществляет иные полномочия в соответствии с нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.

## 8. Заместитель главы айыл окмоту

8.1. Заместитель главы айыл окмоту назначается главой айыл окмоту.

8.2. Заместитель главы айыл окмоту замещает главу айыл окмоту в период его отсутствия и выполняет обязанности, возложенные главой айыл окмоту.

8.3. Заместитель главы айыл окмоту несет ответственность за выполняемые им функции перед главой айыл окмоту.

## 9. Ответственный секретарь айыл окмоту

9.1. Ответственный секретарь назначается главой айыл окмоту.

9.2. Ответственный секретарь замещает заместителя главы айыл окмоту в период его отсутствия и выполняет обязанности, возложенные главой айыл окмоту.

9.3. Ответственный секретарь несет ответственность за выполняемые им функции перед главой айыл окмоту.

## 10. Айыл башчысы

10.1. Решением главы айыл окмоту в целях организации оперативного решения вопросов местного значения в отдельно расположенных населенных пунктах могут вводиться должности айыл башчысы (староста айыла).

10.2. Айыл башчысы выполняет задачи и функции, делегированные ему решением Айыл окмоту, исходя из территориальных особенностей населенного пункта, установившихся обычаев и традиций.

10.3. Айыл башчысы назначается главой айыл окмоту может быть нанят на работу на основе трудового договора (контракт) айыл башчысы (староста села).

### 11. Ответственность и разрешение споров

11.1. Предприятия (объединения), организации и учреждения, граждане несут перед Айыл окмоту имущественную ответственность за вред, причиненный имуществу Айыл окмоту.

11.2. Защита законных интересов Айыл окмоту осуществляется в судебном порядке.

### 12. Финансово-экономические основы Айыл окмоту

12.1. Финансовую основу Айыл окмоту составляют закрепленные законодательством за местными бюджетами налоговые и неналоговые источники доходов, доходы от использования муниципальной собственности, ссуды и иные финансовые ресурсы.

12.2. Экономическую основу Айыл окмоту составляют недвижимое и движимое муниципальное имущество, ценные бумаги, земли, переданные в ведение местному самоуправлению в установленном законодательством порядке и используемые органами местного самоуправления в границах их территории для удовлетворения интересов и потребностей местного сообщества, иные объекты гражданских прав, а также предприятия, организации и учреждения, осуществляющие деятельность на соответствующей территории.

12.3. Финансовые и экономические отношения Айыл окмоту с государственными органами, другими органами местного самоуправления, юридическими и физическими лицами, а также порядок и принципы формирования и исполнения местного бюджета и внебюджетных фондов органов местного самоуправления регулируются законодательством.

### 13. Муниципальная собственность Айыл окмоту

13.1. В муниципальной собственности Айыл окмоту находится всё имущество, не являющееся частной собственностью, собственностью государства, предприятий, организаций, учреждений или других определённых законом собственников, в том числе земельные участки и природные объекты в границах Айыл окмоту.

13.2. Муниципальная собственность передаётся структурным и территориальным подразделениям органов местного самоуправления на правах оперативного управления и хозяйственного ведения.

13.3. Земли общего пользования: площади, улицы, проезды, дороги, подземные переходы, тротуары, набережные, парки, лесопарки, заповедники, скверы, сады, бульвары, водоёмы, памятники природы, истории и культуры, а также объекты оздоровительного и историко-культурного назначения согласно перечню, утверждённому кенешем по представлению главы Айыл окмоту, - являются достоянием населения и не подлежат отчуждению, если иное не предусмотрено законодательством Кыргызской Республики.

13.4. Недвижимое муниципальное имущество Айыл окмоту подлежит по объективной регистрации в Едином государственном реестре объектов недвижимости.

### 14. Права органов местного самоуправления на создание муниципальных предприятий и некоммерческих организаций, а также на участие в акционерных обществах

14.1. Органы местного самоуправления вправе создавать муниципальные предприятия и некоммерческие организации, а также участвовать в акционерных обществах с

целью обеспечения эффективного и оперативного решения вопросов местного значения, а также стимулирования экономического развития в пределах своей территории.

**14.2.** Органы местного самоуправления вправе делегировать определенные полномочия муниципальным предприятиям, некоммерческим организациям, кроме полномочий, которые согласно законодательству, относятся к исключительной компетенции государственных органов или органов местного самоуправления.

**14.3.** Муниципальные предприятия и некоммерческие организации создаются органами местного самоуправления для оказания услуг, предоставление которых является обязанностью органов местного самоуправления.

**15. Обязательность актов Айыл окмоту.**

**15.1.** Айыл окмоту осуществляет свою деятельность от имени населения данной территории и на основании законов Кыргызской Республики.

**15.2.** Решения Айыл окмоту, курултаев, сходов (собраний) граждан, органов территориального общественного самоуправления не должны противоречить законам Кыргызской Республики.

**15.3.** Айыл окмоту не вправе принимать к рассмотрению вопросы, отнесенные законодательством к ведению других органов.

**15.4.** За невыполнение решений Айыл окмоту должностные лица и граждане несут ответственность в установленном законом порядке.

**16. Порядок принятия и внесения изменений и дополнений в Устав**

**16.1.** Устав Айыл окмоту, а также изменения и дополнения к нему принимаются кенешем по предложению не менее одной трети от общего числа депутатов.

**16.2.** Устав Айыл окмоту, изменения и дополнения к нему принимаются кенешем большинством голосов от общего числа депутатов.

**16.3.** Изменения и дополнения в Устав Айыл окмоту или Устав в новой редакции вступает в силу с момента государственной перерегистрации в органах Юстиции.

**Глава** **Ж.Б. Кубандыков**